КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ
ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР
БАШКАРМАЛЫГЫ

Ош ш. ул.Э.Алиев коч. № 128 (тел. 03222 4-82-82, 4-82-82)

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ГОРОДА ОШ

г.Ош ул. Э.Алиева № 128 (тел. 03222 4-82-82, 4-82-82)

« 11 » июлу 2021-жыл.

чыг. № 32/3-__________

Кыргыз Республикасынын
ИИМдин ТКнын начальнигинин орун басары
милициянын полковниги
**Н.Эшимкан уулуна**

# АТАЙЫН МААЛЫМАТ

## (Ош шаардык ИИБнын КЖБРне №02-092-2021-002758 саны менен катталган материал боюнча)

2021-жылдын 11-июль күнү, Ош шаардык ИИБнын Сулайман-Тоо МБнүн нөөмөт бөлүмүнө кабар келип түшкөн, анда Ош шаарынын Р.Абдыкадыров көчөсүндө орун алган №12 кесиптик лицейиндеги №5902 шайлоо участкасынын жанында белгисиз атуул колунда шайлоочулардын тизмеси бар ак кагаз көтөрүп жүргөндүгүн [redacted] сандуу уюлдук телефон аркылуу белгисиз атуул кабар берген.

Бул маалымат ошол эле замат Ош шаардык ИИБнын Сулайман-Тоо МБнүн МЭЖна 02-091-2021-002758 саны менен катталган.

Окуя болгон жерге ыкчам тергөө тобу барып, сурамжылоо иштерин жүргүзгөн учурда Ош шаарынын Муминова көчөсүнүн №195 үйүнүн тургуну [redacted]-жылы туулган [redacted] өзүнүн түшүнүг катында, 2021-жылдын 11-июль күнү өтүп жаткан Ош шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоодо “Биздин Кыргызстан” саясий партиясынын атынан үгүттөөчү болуп иштегендигин жана шайлоо күнү Ош шаарынын Өскөналиев көчөсүндө орун алган №12 кесиптик лицейиндеги №5902 шайлоо участогуна шайлоого катышууга барып, лицейдин алдында турган учурда анын колундагы ак кагазга жазылган тизмени көрүп милиция кызматкерлери келгенде, коркуп бир даана ак кагазды жыртып жибергенин билдирген.

Текшерүү иштеринин жыйынтыгы менен топтолгон материал 11.07.2021-жылы 16/3/2008 саны менен чыгышталып “Биздин Кыргызстан” саясий партиясынын агитатору [redacted] кыймыл аракетине Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 42-беренесинин негизинде чара көрүү үчүн Ош шаардык АШКга жиберилген.

Ош ШИИБнын начальнигинин орун басары
милициянын полковниги

**А.Раимбердиев**